American University of Central Asia

7/6 Aaly Tokombaev, 720060,
Bishkek, Kyrgyzstan
инн 01407199310022 | 999 УККН
www.auca.kg

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Э. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын изденүүчүсү Октябрь Эркинович Капалбаевдин 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча «Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)» деген темада тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына Д. 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, т.и.д., профессор Ч.Дж. Турдалиеванын**

# КОРУТУНДУСУ

**1. 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д. 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши**

Изденүүчү О.Э. Капалбаев тарабынан 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган доктордук диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.01628 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына жана жазылган диссертациянын мазмуну 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна туура келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** XXI кылымдын башынан тартып, ар өлкө өзүнүн башатына кайрылып, дүйнөлүк ааламдашуу (глобализация) процесси жүрө баштады. Өнүккөн батыш өлкөлөрүнүн окумуштуулары орто кылым мезгилинен тартып эле Азия жана Африка алкактарында жайгашкан элдердин тарыхын жана маданиятын изилдөө иштерин жүргүзүп келе жаткан. Бирок кайсыл бир маданияттын элементин жазууда алардын философиясын, түпкү маанисин даана жеткире албай калган жагдайлар көп кездешет. Бул жагынан алганда же салттуу маданиятты алып жүрүүчү тарабынан изилдөө иштеринин жүрүшү илимдеги жетишсиздиктерди толтурууга жасаган кадам катары кабыл алынышы керек. Ошону менен бирге сунушталып жаткан илимий иш боюнча азыркы мезгилге чейин атайын изилдөө иштери жүргөн эмес. Ошондуктан кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү, анын өнүгүшү, түрлөрү жана тери иштетүүнүн ыкмалары ж.б. тууралуу комплекстүү эмгектин жазылышы илимий иштин актуалдуулугун көрсөтөт.

**3. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары.** Каралып жаткан диссертациялык иште бир нече жаңы этнографиялык, этномаданий, этногенетикалык жана тарыхнаамалык илимий практикалык жыйынтыктар чыгарылган. Алар төмөнкүлөр менен белгиленген.

1. Кыргыз элинин географиялык жайгашууларын, социалдык-экомикалык абалын жана чарба иштерин чагылдырган жана ага ылайыкташкан тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн өзгөчө түрүн бөлүп кароого аракет жасалган;
2. Салттуу тери кийимдердин түрлөрү, турмуш-тиричилик буюмдары жана курал-жарактар колдонуудан чыгып калгандыгына байланыштуу унутулуп, тарыхый эмгектерде көрсөтүлбөй калгандыктан аларды калыбына келтирүү иштери жүргөн;
3. Тери буюмдарынын аталышы көптөгөн суроолордун чечмеленише жол ачкан. Анткени буюмдун аталышы, сөздүн куралышы, сөздүн уңгу-

мүчөгө ажырашы, аны талдоонун өзү буюмдардын келип чыгышын, байыркылыгын же жаңылыгын көрсөткөн;

4. Булгаарынын түрлөрү (сорттору), аларды алуунун ыкмалары терең изилдөөгө алынган;
5. Салттуу тери буюмдар жасалган сырьенун өзүнүн ички философиясы, маани-маңызы, алардын руханий маданиятта ээлеген ордун ачып берүү аракеттери жасалган;
6. Аң териллеринен жасалган кийимдер, алардын жасалыш ыкмалары, кийүү эрежелери изилдөөгө алынган учурдагы айрым аймактарда катуу сакталгандыгы белгиленген. Аң терилеринен кийимдердин кийилиши социалдык ырааттулуктун белгисине айлангандыгы көрсөтүлгөн;
7. Кыргыздардын жоокерчилик салтындагы териден жасалган баш кийимдердин кийилишинде иерархия сакталгандыгын эпикалык чыгармалар аркылуу калыбына келтирүү аракети көрүлгөн;
8. Сырт кийимдери болуп эсептелген тон, ичик кийимдеринин аймактык өзгөчөлүктөрү, аталыштары, тароо ареалы, окшоштуруп-салыштырмалуу талдоого алынган;
9. Тери буюмдарга түшүрүлгөн оюулар, түстөр, алардын маани-маңызы, аймактык өзгөчөлүктөрү тарыхый булактар, талаа материалдары аркылуу ынанымдуу маалыматтар далилденген.

**4. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо**

Капалбаев Октябрь Эркиновичтин «Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)» аттуу диссертациялык ишинин жыйынтыктары, сунуштары кыргыз этнография илиминин өнүгүшүнө өз салымын кошо алат. Аталган диссертациялык иш боюнча бул мезгилге чейин үстүртөн гана маалымат түрүндө берилип, бирдиктүү талдоонун объектисине жана предметине алынбай келген. Тери

иштетүү кол өнөрүчүлүгү тууралуу маалыматтар XIX кылымдын аягында көп келе баштаган чет элдик окумуштуулардын, аскер адамдарынын эскертүүлөрүнөн, билдирүүлөрүнөн гана кезиккен. Ошондуктан изилдөөнүн деңгээли көптөгөн эмгектерди, түрдүү багыттагы тарыхый булактарды талдап чыгууга түрткөн. Бул жагынан алганда белгиленген географиялык аймакта жашаган жан-жаныбарлардын түрлөрү, аларды кармоонун ыкмалары, терилердин наркы, тери ийлөө, ашатуу иштери, тигүү ыкмалары, ошону менен бирге аларга колдонулган ырым-жырымдар, пайдаланылган каада-салттар тууралуу теориялык талдоолор менен алардын практикалык жактары да бирге каралган.

Диссертациялык иштин жүрүшүндө логикалык ырааттуулук сакталып, ички биримдиги бирин-бири толуктап, түрдүү илимий жыйынтыктарга ээ болгон жана туура багытты тандаганы көрүнүп турат.

**5. Дисссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин салттык маданиятынын, кол өнөрчүлүгүнүн изилдениши боюнча эмгектердин катарын кеңейтип, кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүү эволюциясын көрсөтүп, коомчулуктун, анын ичинде кийинки өсүп келе жаткан муун үчүн сыймыктануу сезимдерин тартуулап, алардын түшүнүктөрүн кеңейтет. Диссертациялык иштин маалыматтары жана негизги жоболору коомдук илимдер тармагындагы жалпылоочу эмгектерди даярдоодо, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн.

Ошону менен бирге кыргыз элине таандык деп эсептелген тери буюмдарды жана кийимдерди калыбына келтирип, жаңы стилдүү, бирок негизги философиясын жана өзөгүн сактап калган буюмдардын топтомдорун дүйнөлүк рынокко чыгарууга болот.

**6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын максаты жана милдеттери автореферattын текстинде чагылдырылган материалдарга толугу менен жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук окшош резюмелер менен жабдылган.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы мүчүлүштүктөр жана изденүүчүгө сунуштар**

Илимий изилдөөдө кеткен кээ бир мүчүлүштүктөрдү жоюу үчүн төмөнкүдөй сунуштарды беребиз:

1. Диссертациялык иштин практикалык маанисин бир аз кеңейтүү менен кошумчаларды кошуу зарыл. Биздин оюбуз боюнча өтө кыска жана тар берилип калган;
2. Теориялык бөлүгүндө кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнүн келип чыгышы, анын өнүгүшү тууралуу теорияны кеңейтип, изилдөөнүн объектисин менен предметин дагы бир жолу карап чыгуу;
3. Диссертациялык иштин тиркемесинде айрым изилдөөчүлөрдүн аты-жөнү тууралыгын кароо (39, 40, 41-сүрөттөр);
4. Иштин жүрүшүндө айрым сүйлөмдөр аягына чыкпай калган же ой түшүнүксүз бүткөн жерлери кездешет (124, 137-б. ж.б.). Ошондуктан ишти дагы бир жолу карап, техникалык каталарын оңдоп чыгуу иштерин сунуштайбыз.

**8. Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Изденүүчү диссертациялык иштин үстүнөн узак убакыттан бери эмгектенип, көптөгөн тарыхый булактарды, историографиялык эмгектерди карап, окшоштуруп-салыштыруу талдоолорун кенен жүргүзгөн.

2. Изденүүчү талаа материалдарын чогултууда Кыргызстандын аймагынан сырткары этникалык кыргыздар жашаган КЭР, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан өлкөлөрүнө чейин барган жана аларды иштин жүрүшүндө колдонууга аракет жасаган.

3. Диссертациялык иш 2020-жылдын 10-июнунда И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Э. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууга алынган.

Жогорудагы белгилегендерди эске алып, Капалбаев Октябрь Эркиновичтин «Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)» аталышындагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген мүчүлүштүктөрдү жоюу, сын пикир, жана сунуштарды эске алуу шарты менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д. 0721.628 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылабыз.

**9. Жетектөөчү мекеме, оппоненттер боюнча сунуштар**

Жетектөөчү мекеме катары Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетиндеги профилдик кафедраны сунуштайбыз. Аталган мекемеде квалификациясы боюнча сунушталган ишке туура келген адистердин саны жетиштүү.

Расмий оппоненттерге тарых илимдеринин доктору, профессорлор О.К. Каратаевди, А.М. Мокеевди жана С.Т. Кайыповду сунуш кылабыз.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**тарых илимдеринин доктору,**
**профессор** **Ч.Дж. Турдалиева**

Подпись заверена